*Батырбаева Ж.С.*

# ТАЛАС ӨРӨӨНҮНҮН СОЦИАЛДЫК ТҮЗҮЛҮШҮ ЖАНА ДЕМОГРАФИЯЛЫК АБАЛЫ

*Батырбаева Ж.С.*

# ДЕМОГРАФИЧЕСКОЕ ПОЛОЖЕНИЕ И СОЦИАЛЬНЫЙ СТАТУС ТАЛАССКОЙ ДОЛИНЫ

*J.S. Batyrbaeva*

# THE DEMOGRAPHIC STATUS AND THE SOCIAL CONSTRUCTION OF THE TALAS VALLEY

*УДК: 947-45/13*

*Макалада Талас өрөөнүнүн социалдык түзүлүшү жана демографиялык абалы каралды.*

*The article deals with the demographic and social structure of the state of Talas Valley.*

Талас ороонунун социалдык түзүлүшүн жана демографиялык абалын изилдөөдө 1959-1991-жылдардагы калктын табыгый өсүшү бүгүнкү күндүн талабына ылайык комплекстүү түрдө өзүнчө маселе катары коюлган. Бул изилдөөдө калктын билим деңгээлин, жетишкендиктерин көрсөтүү менен бирге себептерин кемчиликтерин көрсөтүүгө аракет жасалды.

Изилдөөдө Талас өрөөнүнүн 1959-1991-жылдары аралыгында болгон өзгөрүүлөрүн көрсөтө алабыз. Талас өрөөнү Кыргызстандын түндүк батышында жайгашкан. Өрөөн кыргыз жана Талас тоолору менен курчалып турат, дениз деңгээлинен 680-4500 метр бийиктикте жайгашкан. Талас өрөөнүнүн территориясы 11,4 мин.км кв. түзөт. Түндүк жана түндүк батыштан Казакстан өлкөсү менен чектешсе, Чыгыш тарабынан Чүй өрөөнү менен, түштүк чыгышынан Жалал-Абад өрөөнү менен, ал эми батыш жана түштүк батыштан Өзбекстан өлкөсү менен чектешкен.

Талас өрөөнүндө 1970-1991-жылдардагы орто эсеп менен алганда калктын санынын өсүшү төмөнкү № 1 таблицада толук көрүнөт.

*1-таблица*

| | 1959-ж | 1970-ж | 1979-ж | 1989-ж | 1999-ж |
|---|---|---|---|---|---|
| Талас өрөөнү | 103603 | 140747 | 163492 | 192509 | 199872 |
| Шаардыктар | 14551 | 20516 | 22927 | 31453 | 33520 |
| Айылдыктар | 89052 | 120231 | 140565 | 161056 | 166352 |
| Талас шаары | 13867 | 20099 | 22415 | 30520 | 32638 |
| Шаардыктар | 13483 | 19634 | 22089 | 30520 | 32638 |
| Айылдыктар | 384 | 465 | 326 | - | - |
| Бакай-Ата р. | 21014 | 26701 | 33290 | 39679 | 38898 |
| Шаардыктар | - | - | - | - | - |
| Айылдыктар | 21014 | 26701 | 33290 | 39679 | 38898 |
| Кара-Буура р. | 26949 | 35841 | 41270 | 47272 | 49879 |
| Шаардыктар | 1068 | 882 | 838 | 933 | 882 |
| Айылдыктар | 25881 | 34959 | 40432 | 46339 | 48997 |
| Манас району | 15897 | 21289 | 23094 | 26786 | 28389 |
| Шаардыктар | - | - | - | - | - |
| Айылдыктар | 15897 | 21289 | 23094 | 26786 | 28389 |
| Талас району | 25876 | 36817 | 43423 | 48252 | 50068 |
| Шаардыктар | - | - | - | - | - |
| Айылдыктар | 25876 | 36817 | 43423 | 48252 | 50068 |

Талас өрөөнү 4 районго бөлүнөт: Талас району. Манас району. Кара-Буура району, Бакай-Ата району. Өрөөндө 1 шаар жана 1 шаарча поселок бар. 35 айыл кеңештери, 90 айылдык эл пунктары бар. Областтын административдик борбору болуп Талас шаары эсептелинет. Азыр өрөөндөгү элдердин 200,3 адам, ал эми турук-туулугу 199,9 адамдан турат. Негизинен Талас обласындагы 1959-1991-жылдар аралыгында жүргүзүлгөн айыл калкынын санынын өзгөрүлөрүн жылдыруу аракети жасалган. Шаардык жана айылдыктардын бөлүнүшү негизинен жогорку кеңеште башталган. Областын борборундагы Талас шаарында элдин саны 32,6 миң адамды түзөт. Манас районунда 28 миң адам,

Бакай-Атада 38 миң адам, Кара-буура районунда 50 миңге жакын, ал эми Талас районунда 30 миңден ашык адамды түзөт. 32 жыл мезгилинде (1959-1991-ж.ж.) Талас өрөөнүндө калктын санынын өсүшү 1,9 эсеге көбөйгөн, шаардыктар 2,3 эсеге, ал эми айылдарда 1,9 эсеге көбөйгөн.

Элдердин саны 1979-жылдан – 1970-жылга салыштырганда 22,7 миң адамга, башкача айтканда 16%ке 1970-жылдан 1979-жылга салыштырганда 29 миң эсеге, башкача айтканда 18%ке, 1999-жылдан 1989-жылга салыштырганда 7,4 миң башкача айтканда 38% ке өскөн.

Таблицадан Талас өрөөнү боюнча сан жагынан өскөндүгүн көрүүгө болот. Бул Талас өрөөнүнүн демографиялык турмушундагы өзгөчөлүктөрдүн бирн болгон. Демографиялык өзгөчөлүктөрдүн экинчиси бул шаардыктарга караганда айылдыктардын сан жагынан басымдуулук кылгандыгы. Айыл кыштак калкынын сан жагынан өсүшү облустун райондору боюнча алып караганда да байкалат. Алсак, 1959-1991-жылдарда Талас өрөөнү боюнча 103603 адамдан 199872 адамга, Талас шаары боюнча 13867 адамдан 32638 адамга, Бакай-Ата району 21074 адамдан 28898 адамга, Кара-Буура району боюнча 26949 адамдан 49879 адамга, Манас району 158987 адамдан 50068 адамга жеткен. Өсүш боюнча Кара-Буура жана Талас районунда жогору болгон.

Ал эми процент менен алып караганда төмөндөгү таблицадан көрө алабыз

*2-таблица*

| | 1959-ж. | 1970-ж. | 1979-ж. | 1989-ж. | 1999-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| Талас өрөөнү | | | | | |
| шаардыктар | 4,0% | 14,6% | 14,0% | 16,3% | 16,8% |
| айылдыктар | 86,0% | 85,4% | 8,60% | 83,7% | 83,2%) |
| Талас шаары | | | | | |
| шаардык | 97,2% | 97,7% | 98,5% | 100,0% | 100,0% |
| айылдык | 2,8% | 2,3% | 1,5% | - | - |
| Бакай-Ата р. | | | | | |
| Шаардык | | - | - | - | - |
| Айылдык | 100,0% | 100,0% | 100,0% | 100,0% | 100,0% |
| Кара-Буура р. | | | | | |
| Шаардык | - | - | - | - | - |
| Айылдык | 100,0% | 100,0% | 100,0% | 100,0% | 100,0% |
| Манас району | | | | | |
| Шаардык | - | - | - | - | - |
| Айылдык | 100,0% | 100,0% | 100,0% | 100,0% | 100,0%) |
| Талас району | | | | | |
| Шаардык | - | - | - | - | - |
| Айылдык | 100,0% | 100,0% | 100,0% | 100,0% | 100,0% |

Бул таблицадан көргөндөй шаардыктарга караганда айылдыктардын 100,0% түзгөндүгүн көрдүк. Бул Талас өрөөнүндөгү айыл-кыштактарындагы адамдардын жогору болуп келгендигинде. Ал эми айыл калкындагы аялдардын жана эркектердин санынын жылдан жылга өсүшүн төмөндөгү таблицадан көрө алабыз.

*3-таблица*

| | 1959 | 1970 | 1979 | 1989 | 1999 |
|---|---|---|---|---|---|
| Талас областы | 10363 | 140747 | 163492 | 192509 | 199872 |
| Эркектер | 48854 | 67671 | 80517 | 95061 | 99400 |
| Аялдар | 54749 | 73076 | 82975 | 97448 | 100472 |
| Талас шаары | 13867 | 73076 | 82975 | 30520 | 32638 |
| Эркектер | 6448 | 20099 | 22415 | 14546 | 15207 |
| Аялдар | 7449 | 9426 | 10695 | 15974 | 17431 |
| Бакай-Ата р | 21074 | 26701 | 33290 | 39679 | 38898 |
| Эркектер | 9873 | 12702 | 16473 | 19625 | 19631 |
| Аялдар | 11147 | 13999 | 16877 | 20054 | 19267 |
| Кара-Буура р. | 26949 | 35841 | 41270 | 42727 | 49879 |
| Эркектер | 12855 | 12271 | 20178 | 23383 | 24996 |
| Аялдар | 14094 | 18570 | 21092 | 23889 | 24883 |
| Манас р. | 15897 | 21289 | 23094 | 26786 | 28389 |
| Эркектер | 7385 | 10264 | 11599 | 13414 | 14196 |
| Аялдар | 8512 | 11025 | 11495 | 13372 | 14193 |
| Талас району | 25876 | 36817 | 43423 | 48252 | 50068 |
| Эркектер | 12293 | 18008 | 21632 | 24095 | 25370 |
| Аялдар | 13583 | 18809 | 27792 | 24159 | 24698 |

Бул таблицадан коргондой эркектердин жана аялдардын өрөөн боюнча караганда сан жагынан эркектер 99400 мин адамды түзсө, ал эми аялдар 100472 мин адамды түзгөн.

Талас областында айыл кыштактарда калктын негизин кыргыз улутунун өкүлдөрү болгон. Талас өрөөнүнүн айыл кыштак калкынын сан жагынан өскөндүгүн 4 таблицадан көрсөтө алдык.

Бул айылдарды балдардын төрөлүшү жогору деңгээлде экендигинде. Айыл кыштактарды жергиликтүү улуттар жашагандыктан жана тарыхый салт боюнча үй бүлөлөр мүмкүн болушунча көп балалуу болууга аракеттенишкен, балдар айыл калкынын көпчүлүгүн түзгөн.

Балдардын төрөлүшү аялдардын никеге туруусуна көз каранды. Талас областындагы калктын көпчүлүгүн айылдыктар түзөт. Башкача айтканда 83% айылдыктар шаардыктарга караганда көп төрөлүп (шаардыктар 2,5, ал эми айылдыктар 3,4 бала төрөлгөн). Бул ушул айыл жергесинде балдардын көп төрөлүшүнүн, башкача айтканда 1,3-1,9 эсеге шаардыктарга салыштырганда көп төрөлгөндүгүн далилдөөдө.

Кыргыз айыл кыштактарында кылымдап калыптанган үй бүлөлүк жана нике мамилелери сакталган. Мисалы: Кыргыз айыл кыштак-тарында үй бүлөлөр мүмкүн болушунча көп балалуулук, үй бүлөдө көптөгөн туугандардын, жаш жубайлардын ата-энеси менен чогуу жашоосу өңдүү өзгөчөлүктөргө мүнөздүү. Айыл жергесинде балдары 7 же андан көп үй бүлөлөр басымдуулук кылган. Айыл кыштактарда энелердин жашына ылайык бала төрөлүшүнүн абалынын төмөндүгүн таблицадан көрсөк:

*4-таблица*

**Торолгондордун саны**

| жылдар | Баардык калк | шаардыктар | айылдыктар |
|---|---|---|---|
| 1960-ж | 3466 | 315 | 3151 |
| 1970-ж | 4874 | 511 | 4018 |
| 1980-ж | 5373 | 633 | 4940 |
| 1985-ж | 6307 | 976 | 5331 |
| 1990-ж | 6220 | 850 | 5370 |
| 1991-ж | 6551 | 915 | 5636 |

Бул таблицадан көргөндөй балдардын төрөлүшү айыл жергесинде жогору болгондугунда.

Ошентип, Талас областында айыл кыштакта жашаган энелер негизинен 19-39 жаш курагында 0,3 мин адамга жеткен. Орто эсеп менен алганда Талас өрөөнүндө 2,3 бала, Бакай-Атада 3,6 бала төрөлгөн. Балдардын төрөлүшү өзгөчө жерги-ликтүү улуттар жашаган айыл кыштактарда жогору болгондугун таблицадан көрө алдык. Талас областындагы айыл кыштактарында балдардын көп төрөлүшүнүн себеби айыл жергесинде урбанизация процессинин таасиринин чектелүү болгондугу менен түшүндүрүлөт. Урбанизация күчтүү өнүккөн шаар жеринде маданий деңгээл жогору болуп, аялдарга билим алуу, кесип ээси катары иш тандоого, өз убагында эс алууга мүмкүнчүлүктөр кенири болгондуктан кеңири болгондуктан алар баланы аз төрөгөн. Демек, айыл кыштактарда көп балалуулук жеке гана улуттук салтка байланыштуу болбостон урбанизация, өлкөнүн социалдык экономикалык өнүгүшүнүн закон ченемдүүлүктөрүнө байланыштуу болгон - деген пикирине биз да кошулсак болот.

Айыл калкынын демографиялык абалынын дагы бир көрсөткүчү калктын өмүрүнүн узактыгы жана өлүмү экендигинде.

| Өлгөндөрдүн саны | Табыгый өсүш |
|---|---|

| Баардык калк | Шаардык тар | Баардык калк | Шаардык тар | Айылдык-тар |
|---|---|---|---|---|
| 374 | 119 | 3955 | 392 | 3565 |
| 1091 | 150 | 3783 | 377 | 3406 |
| 1351 | 220 | 4222 | 413 | 3809 |
| 1620 | 235 | 4687 | 741 | 3916 |
| 1323 | 223 | 4897 | 627 | 4270 |
| 1388 | 249 | 5163 | 666 | 4497 |
| 1291 | 270 | 4987 | 578 | 4409 |

Калктын табигый өсүшү Талас өрөөнү боюнча салыштырмалуу жогору. Калктын 1000 адамга эсептегенде табигый өсүшүн коэфиценти:

| жылы | облуста | республикада |
|---|---|---|
| 1960 ж | 34,6 | 30,8 |
| 1970 ж | 24,6 | 21,2 |
| 1980 ж | 24,9 | 21,2 |
| 1990ж | 24,7 | 22,3 |
| 1992ж | 24,6 | 21,4 |

Мунун себеби Талас өрөөнүнүн табигый шартынын жагымдуулугу, салыштырмалуу балдардын өлүмүнүн аздыгы, улуттук каада-салттын сакталышы жана арактын аз пайдаланышы.

Шаар жерине салыштырмалуу айыл кыштак элииин өлүмүнүн көбөйүшү. Бул биринчиден, айыл кыштактарда саламаттыкты сактоо мекемелердин аздыгы, андагы адистердин жоктугуна, жогорку адистиктин медициналык жардамдын жетишсиздигине байланыштуу. Айыл калкы үчүн райондук жана айылдын борборуна жайгашкан медициналык мекемелердин алыстыгы, транспорттук тейлөөдөгү кемчиликтер, айыл калкынын өз убагында диспансерлик дарылоонун үзгүлтүккө учурашы айылдыктардын өлүмүнө себепкер болгондугунан.

Жогорудагы каралган изилдөөдө Талас аймагынын айылынын эмгек ресурстары биринчи кезекте калктын табигый мүлкүнүн натыйжасында калыптанган. Айыл калкынын эмгек ресурстарынын өсүшү минрацияга да байланыштуу болгондугу байкалат. Айыл чарба өндүрүшүнүн жана айыл кыштактын социалдык, экономикалык турмушун жакшыртуу айыл калкынын жалпы билимине, кесипчилик техникалык деңгээлине байланыштуу. Ошондуктан Талас өрөөнүнүн социалдык түзүлүшү жана демографиялык абалы айыл калкынын материалдык өндүрүштө жана элге билим берүү, саламаттыкты сактоо, башкаруу, тейлоо жайларында эмгектенгендерде сан жагынан көбөйгөндүгү прогрессивдүү көрүнүш.

**Колдонулган булактар тизмеги:**

1. Осмонов О. Кыргызстандын айыл чарбасы жана кыштактардын социалдык турмушу. Бишкек, 1994 г.
2. Регионы Кыргызстана. Таласская область (р 7). Итоги первой национальной переписи населения Кыргызской Республики 1999 года. Книге III. Бишкек, 2001 г.
3. Национальный статистический комитет регио-ны Кыргызстана. Таласская область. ( Р.7) Итоги первой национальной переписи населения Кыргызской Республики. 1999 год. Книга III. ( серия Р) Бишкек, 2001г. Талас облусу энциклопедия, Бишкек, 1995-ж.

**Рецензент: д.и.н., профессор Алимова Б.**